**Бекитемин**
**Бишкек шаарынын мэриясынын**
**Билим берүү башкармалыгынын**
**Башчысы С.Мейрманова**

**_______________________________**
**“____”__________2018-жыл**

**21-февраль - Эл аралык эне тили күнүнө карата**
**“Тил – достуктун ачкычы” аттуу изилдөө долбоорунун кароо-сынагынын**
**ЖОБОСУ**

21 - февраль Эл аралык эне тили күнүнө карата “Тил- достуктун ачкычы” аттуу изилдөө долбоорунун кароо-сынагы Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын иш планынын негизинде өткөрүлөт. Изилдөө долбоорунун кароо-сынагына шаардын билим берүү уюмдарынын 8-11-класстарынын окуучулары катыша алышат.

**Кароо-сынактын максаты:**

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 1-июлундагы №155 “Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу;
- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү” Мыйзамын ишке ашыруу, мамлекеттик тилдин статусун көтөрүү;
- Кыргыз Республикасында жашаган улуттардын ынтымагын арттыруу жана ар улуттун эне тилин даңазалоо;
- Ар улуттун тарыхы, адабияты, маданиятынын улуулугун чагылдыруу;
- Элдин үрп-адат, каада-салттары аркылуу ыймандуулукка, патриоттуулукка, улуттардын биримдүүлүгүнө чакыруу;
- Изилдөө иштерине кызыккан, жөндөмдүү, чыгармачыл окуучуларды табуу;

**Өткөрүүнүн тартиби жана шарттары:**

- Кароо-сынактын биринчи этабы 2018-жылдын 15-февралына чейин райондук Билим берүү борборлору тарабынан өткөрүлөт. Улуттарга бөлүштүрүү, программа боюнча тапшырма берүү райондун Билим берүү борборлору тарабынан жүргүзүлөт.
- Шаардык кароо-сынакка катышуу үчүн райондон 1-2-орунду алган улуттун долбоорлорунун табыштамалары райондук Билим берүү борбору тарабынан тапшырылат;
- Табыштама 16-февралда Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын №3 кабинетине тапшырылат;

- Изилдөө долбоорунун шаардык кароо-сынагы 2018-жылдын 20-февралында Свердлов районунун №4 мектеп-гимназиясынын базасында саат 10.00 дө өтөт;
- Калыстар тобунун курамы Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынын аныкталат;
- Изилдөө долбоорунун кароо-сынагына 8-11-класстын окуучуларынан 1 же бир нече окуучулардан турган топ (3төн көп эмес) катыша алат;
- Кароо-сынактын катышуучусу изилдеген долбоорун программанын шартына ылайык слайд менен кыргыз тилинде жактоосу керек;

**Кароо-сынактын программасы:**
1. Саламдашуу (ошол улуттун тилинде, оозеки);
2.Тарыхы, маданияты;
3.Үрп-адаты, каада-салты;
4.Тамак-ашы;
5.Өзгөчөлүгү;
6.Кыргыз эли менен окшоштугу, байланышы;
(улуттук форма, улуттук тамак-аш алып келүү керектелбейт)
1-аталмага 2-3минута, 2-6-аталмага жалпы 10-15минута берилет.

**Кароо-сынакты баалоо:**
- Баяндаган мазмундун программага ылайык келиши;
- Жасалгаланышы (эстетикалык жана көргөзмөлүү материалдардын болушу);
- Долбоорду коргоосу (жактоочунун өзүн алып жүрүүсү, текст менен иштөөсү, ораторлук сапаты, суроолорго жооп бериши);

**Ишти тариздөө:**
- Титулдук барак (долбоордун аты, автору, мектеби, классы, жетекчиси, мазмуну);
- Программага ылайык ирээти;
- Тиркемелер (сүрөттөр, көрсөтмөлүүлүк, карталар, таблицалар, графикалар, интервьюнун стенограммасы (болсо), оозеки кеп менен коштолушу);
- Материалдын бекем вариантын калыстарга тапшыруу;

**Кароо-сынактын жыйынтыгы жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо:**
- Кароо-сынактын жыйынтыгы калыстар тобунун чечими менен чыгарылат;
- 1-2-3-орундун жеңүүчүлөрү жана кызыктыруучу сыйлыктарга татыктуулар Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын грамоталары жана белектери менен сыйланат;